**КР УИА Дж. АЛЫШБАЕВ ат. ЭКОНОМИКА ИНСТИТУТУ**

**КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

Д 08.18.572 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
**УДК:331.5.024.52(575.2)(043.3)**

**МУСАЕВА ВЕНЕРА АСАНАЛЫЕВНА**

# КЫРГЫЗСТАНДЫН МАМЛЕКЕТАРАЛЫК БИРИКМЕЛЕРГЕ ИНТЕГРАЦИЯЛАНУУ ШАРТЫНДА ЖУМУШ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ ЖАНА ЭМГЕК РЫНОГУН БОЛЖОЛДОО

Адистиги: 08.00.05 – экономика жана улуттук чарбаны башкаруу

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**автореферaты**

**Бишкек – 2019**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Дж. Алышбаев ат. Экономика институтунда аткарылды

**Илимий жетекчи:** экономика илимдеринин доктору, профессор, КРдин УИАнын мүчө корреспонденти

**Балбаков Мурат Балбакович**

**Расмий оппоненттери:** экономика илимдеринин доктору, профессор
**Савина Светлана Евгеньевна**

экономика илимдеринин кандидаты, доцент
**Ильязова Нургуль Болотбековна**

**Жетектөөчү уюм:** Б.Ельцин ат. Кыргыз-Россия славян университетинин «Экономикалык теория» кафедрасы,
дареги: 720000, Бишкек ш. Киев к., 44

Диссертация 2019-жылдын 26-апрелинде саат 16-00 экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Дж. Алышбаев ат. Экономика институтунун жана Кыргызстандын эл аралык университетинин Д 08.18.572 диссертациялык кеңешинде корголот. Дареги: 7200071, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй пр., 265а, диссертациялык зал (1-кабат).

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында жана диссертациялык кеңештин www.inec.kg сайтынан таанышууга болот. Китепкананын дареги: 7200071, Чүй пр. 265а.

Автореферат 2019-жылдын 25-мартында таратылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы**
**экономика илимдеринин кандидаты** **Оторчиева А.Ж.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Иштин темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын административдик жана социалдык-экономикалык реформаларынын дүйнөлүк экономикалык мейкиндикке терең интеграциялануусу социалдык-экономикалык чөйрөдө көптөгөн көйгөйлөрдү жаратып, анын ичинде калктын жумуш менен камсыз кылуу көйгөйү курч бойдон калууда.

Белгилүү болгондой, Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн алгандан баштап, рыноктук мамилелерге өтүү шарттарында калкты жумуш менен камсыз кылуу көйгөйлөрү курч мүнөзгө ээ болуп, жумушчу күчкө болгон керектөөлөрдүн, жумушчунун өздүк статусунун, реалдуу жана жашыруун жумушсуздуктун пайда болуусунун, бул кубулуштардын талапка ылайык эсепке алынуусунун жоктугу менен байланышкан жаңы көйгөйлөр пайда болду. Аталгандын бардыгы эмгек рыногунун көйгөйлөрүн изилдөөнү оорлонтуп, жумушсуздуктун өсүүсүнө натыйжалуу каршы иш-аракеттерди, жумуш менен камсыздоону колдоону, жарандарды социалдык жактан коргоо мүмкүнчүлүктөрүн таталдантат.

Байкалып жаткан акыркы кездердеги регионалдык интеграциялануу процесстери өлкөнүн экономикасында бүтүндөй болуп жаткан социалдык-экономикалык процесстерге жана кубулуштарга, анын ичинде эмгек рыногуна таасирлерин тийгизди. Биздин өлкөдөгү Улуттук эмгек рыногу интернационалдыктын бир бөлүгү болуу менен бирге бул шарттарда социалдык-экономикалык реформалардын ийгилиги улуттук рыноктун канчалык деңгээлде интернационалдык, мамлекеттер аралык эмгек рыногундагы калыптанып жаткан керектөөлөрдү кабылдоодон, дүйнөлүк аренадагы маанилүү экономикалык, институционалдык жана технологиялык өзгөрүүлөргө жооп катары жумушчу күчтөрдүн рационалдуу бөлүштүрүүсүнөн жана кайрадан бөлүштүрүүлүсүнөн, алардын талапка ылайык даярдалуусунан көз каранды.

Эмгек рыногун изилдөө базасынын теориялык-методологиялык базасы батыш окумуштуулардын эмгектеринде, алсак Г. Беккердин, Т. Веблендин, М. Грановеттердин, П.Дерингердин, Дж. Кларктын, Дж. Кейнстин, Дж. Коммонстун, К. Маркстын, М. Пиоренин ж.б. эмгектеринде каралган.

Эмгек рыногу жана жумуш менен камсыз кылуудагы көйгөйлөр белгилүү орус окумуштууларынын: В. Ванкевичтин, О.Дериндин, А.Котлярдын, Р.Капелюшниковдун, Т. Заславскованын, В. Радаевдин, Р. Рыбкинанын, И. Масловдун ж.б. эмгектеринде чагылдырылган.

Жумуш менен камсыз кылуунун, жумушсуздуктун жана миграциянын көйгөйлөрү ата-мекендик окумуштуулардын илимий эмгектеринде: М.Балбаковдун, К. Исаковдун, А.Кочербаеванын, Т.Койчуевдин, Н.Кумскованын, Дж. Мусаеванын, А. Орозалиеванын, С. Савинанын, В. Савиндин, У.Эргешбаевдин ж.б. жетишээрлик чагылдырылган.

Ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө ири глобалдуу процесстердин таасири менен жаңы кырдаалдар түзүлгөн. Глобалдуулуктун бирден-бир ачылышы болуп интеграциялык топтордун күчтөнтүлүүсү эсептелет. Интеграциялык процесстердин тереңдөө шартында улуттук эмгек рыногунун өнүгүүсү жана калыптануу аспектилерин изилдеп чыгуу зарылдыгы келип чыгат. Кыргызстандын эмгек рыногунда Евразиялык экономикалык бирикме (кийин ЕАЭБ) маанилүү мааниге ээ. ЕАЭБге катышуу экономиканын тармактарында, товарлардын, тейлөөлөрдүн, капиталдардын жана жумушчу күчтөрдүн эркин кыймылында макулдашылган же бирдиктүү саясаттын жүргүзүлүшүн болжолдойт. Бул диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугун алдын ала аныктайт.

**Диссертациялык иштин темасынын ири илимий программалар менен байланышы.** Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Дж. Алышбаев ат. Экономика институтунун илимий изилдөө иштеринин планына ("ЕАЭБде улуттук өнүгүүнүн стратегияларынын маселелери" бөлүмү) ылайык аткарылып, жумуш менен камсыз кылуу жана Кыргыз Республикасынын 2020-жылга чейинки тышкы эмгек миграциясын жөндөө Программасы, 2013-2017-жж. аралыгында Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсүнүн Улуттук стратегиясы жана ошондой эле 2018-2040-жж. аралыгында Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүнүн Улуттук стратегиясы.

**Изилдөөнүн максаты жана тапшырмалары**. Илимий иштин максаты болуп эмгек рыногун болжолдоо механизмин жана Кыргызстандын эл аралык бирикмелерге интеграциялануу шарттарында жумуш менен камсыз кылууну жакшыртуу эсептелет.

Алдыга коюлган максат диссертациядагы көрсөтүлгөн кийинки **тапшырмаларды** чечүү менен жүзөгө ашат:

-заманбап экономикалык мамилелердин системасында эмгек рыногун жөндөлүшүн жана калыптандыруу өзгөчөлүктөрүн окуп-үйрөнүү;

-социалдык-экономикалык системаны болжолдоодо методологиялык ыкмаларды изилдөө;

-Кыргызстандын эмгек рыногунун динамикасына талдоо жүргүзүү жана өнүгүүнүн заманбап этабында көйгөйлөрдү ачыктоо;

- узак мөөнөттүү тенденциялардын аракетин эсепке алуу менен эмгек рыногунда болжолдуу эсептерди жүргүзүү;

-ЕАЭБдин жалпы рыногунун жөндөлүү шарттарында Кыргыз Республикасынын калкынын мамлекеттик жумуш менен камсыз кылуудагы келечектерин аныктоо.

**Илимий иштен алынган илимий жаңылык** төмөндөкүдө көрсөтүлгөн:

-заманбап экономикалык мамилелердин системасында эмгек рыногун жөндөөсүн жана калыптандыруусун мүнөздөгөн теориялык абалдар жалпыланды;

- болжолдоого заманбап илимде колдонулган негизги методологиялык ыкмаларды системалоо кошумчаланды;

-ЕАЭБдин жалып рыногуна интеграциялануу процессинде узак мөөнөттүү тенденциянын жана болуп жаткан көйгөйлөрдү ачыктоосун шарттаган улуттук эмгек рыногунун көрсөткүчтөрүнө талдоо жүргүзүлдү;

-орто мөөнөттүү убакытка эмгек рыногун болжолдоодо эконометрикалык модель апробацияланды;

-ЕАЭБдеги интеграциялоо процесстеринин негизги тенденцияларын камтыган Кыргызстандын мамлекеттик жумуш менен камсыз кылуу саясатынын жакшыртылуусунун келечектүү багыттары сунушталды.

**Алынган жыйынтыктардын тажрыйбалык маанилүүлүгү** ЕАЭБге терең интеграциялануону эсепке алуу менен Кыргызстандын жумуш менен камсыз кылуу саясатын калыптандырууда, эмгек рыногун болжолдоодо жана талдоо механизмдерин жакшыртууда. Илимий изилдөөнүн жыйынтыктары мамлекеттик уюмдардын мамлекеттик программаларды же бөлөк стратегиялык документтерди иштеп чыгуусунда колдонулат. Теориялык корутундулар, методика жана инструменттер мамлекеттик кызматкерлерди даярдоодо жана кайрадан даярдоодо окуу сабактарын окутуу процесстеринде колдонулушу мүмкүн.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык маанилүүлүгү** Кыргыз Республикасында жумуш менен камсыз кылуу чөйрөсүн жөндөй турган мамлекеттик программаларды иштеп чыгууда колдонуу мүмкүнчүлүктөрүндө. Иштелип чыккан методикаларды интеграциялоо процессинин өнүгүү шарттарында эмгек рыногун болжолдоодо жана талдоодо колдонуу мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого сунушталган негизги жоболору:**

1.Эмгек рыногун жөндөөнүн теориялык-методологиялык негиздерин изилдөөдө калкты жумуш менен камсыз кылуу саясаты негизинен көпчүлүк учурда заманбап институционалдык ыкмага негизделээри аныкталды.

2. Экономикалык системадагы болжолдоонун бир нече методологиялык ыкмаларын колдонуу мыйзамченемдүүлүктөрү изилденип, аны улуттук эмгек рыногун болжолдоодо колдонуу негизделди.

3.Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде ЕАЭБдин катышуучу-өлкөлөрүнүн эмгек рыногундагы узак мөөнөттүү тенденциялары аныкталды. Жумуш күчтөрүнүн сунуштарын жана аларга болгон суроо-талаптарга, анын ичнде Кыргызстандык эмгек мигранттарына таасирин тийгизген факторлор ачыкталды.

4.Эмгек рыногундагы абалдын өнүгүүсүн болжолдоону даярдоо үчүн эконометрикалык моделдөөнүн апробацияланышы аталган моделдин болжолдоонун бир инструменти катарында сунушталып, аны менен катар эмгек рыногундагы катышуучулардан сурамжылоо жүргүзүү, сценардык ыкма ж.б. сунушталды.

5.Жумуш менен камсыз кылуу саясатынын сунушталган келечектүү багыттары макулдашылган иш-аракеттерге жетүүдө ЕАЭБдин жалпы эмгек рыногунун тенденцияларын эсепке алуусун шарттайт.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы** 2025-жылга чейин эмгек рыногунун негизги көрсөткүчтөрүнүн эсептөөлөрүндө эконометрикалык моделди колдонууда турат. Эмгек рыногун болжолдоодо илимий методологиялык негиздер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Кыргыз Мамлекеттик юридикалык академиясында жана М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинде "Улуттук экономика", "Калкты социалдык жактан коргоо жана жумуш менен камсыз кылууну башкаруу" сабактары боюнча окуу-усулдук комплекстерди иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы жана таасирлениши.** Диссертациялык иштин негизги жоболору жана корутундулары эл аралык жана республикалык илимий-тажрыйбалык конференцияларда, алсак: "Илим жана билим берүү: өткөндү сактоо менен, келечекти түзөбүз" аталыштагы эл аралык илимий конференцияда (Пенза ш. 2016-ж.), "Кыргыз Республикасындагы эмгек укугунун актуалдуу көйгөйлөрү" (Бишкек ш. КМЮА,2016-ж.), "ЕАЭБнин алкагында Борбордук Азия өлкөлөрүнүн экономикасы: айкындыктар, келечектер, тобокелдиктер" (Бишкек ш. М.Рыскулбеков атындагы КЭУ, 2016-ж.), "Ааламдашуу шарттарында инновациялык экономиканын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү" (Бишкек ш. М.Рыскулбеков атындагы КЭУ, 2017-ж.) ж.б.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдыруунун толуктугу.** Диссертациялык иштин негизги жоболору 13 илимий макалаларда жарыяланып, жалпы 6,8 б.б. түздү.

**Иштин түзүлүшү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан, колдонулган 114 булактардын тизмесинен жана 2 тиркемеден турат. Көлөмү 175 беттүү компьютердүү тексттен туруп, 20 таблицаны жана 18 сүрөттү камтыйт.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык иштин темасы, анын актуалдуулугу негизделип, максаты жана тапшырмалары көрсөтүлүп, изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздери каралып, илимий иштин илимий жаңылыгы далилденип, илимий иштин теориялык жана практикалык маанилүүлүгү аныкталды.

**"Заманбап шарттарда жумуш менен камсыз кылуу жана эмгек рыногунун теориялык-методологиялык аспектилери" аталыштагы биринчи бөлүмдө** экономикалык мамилелер системасындагы эмгек рыногунун жөндөлүшү жана калыптандыруу процесси талданып, экономикалык системадагы эмгек рыногун болжолдоодо методологиялык ыкмалар аныкталып жана ошондой эле жумуш менен камсыз кылуу саясатынын инструменттери негизделди.

Эмгек чөйрөсүндөгү көрүнүктүү өзгөрүүлөрдүн башталышы 1991-1992-жж. таандык, себеби ал жылдарда экономикадагы баа механизмдеринин жөндөлүүсүнүн башталышы жана баалардын либералдаштыруусу ачык башталган.

Эмгекке болгон суроо-талап өндүрүмдүү мүнөзгө ээ болуп, товардык рынокторду либералдаштыруу эмгек рыногунун либералдаштырылуусуна алып келип, анын активдүү калыптанышын шарттаган.

Кыргыз Республикасындагы эмгек рыногунун расмий түзүлүшү 1991-жылдын апрель айында "Калкты жумуш менен камсыз кылуу жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын мыйзамында кабыл алынып, ошондон баштап жарандар өндүрүмдүүлүккө жана чыгармачыл эмгекке өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүн бөлүштүрүү укуктарына ээ", "жарандардын ыктыярдуу жумуш менен камсыз кылбоосу аларды административдик, кылмыш жана бөлөк жоопкерчилине тартууга негиз болуп бербейт" деген мыйзам чегинде адамдардын бекиткен менчик укуктары өздөрүнүн жумушчу күчтөрүндө (ээлик кылуу, бөлүштүрүү, колдонуу) жумуш берүүчү менен жумушчулардын социалдык ээлеген ордун чагылдырат.

**Эмгек рыногу** – товардык өндүрүш шартында суроо-талаптын, сунуштун жана жумушчу күчтөрдүн бааларынын (эмгек акынын) калыптануусу менен жүзөөгө ашкан эмгек потенциалынын кайрадан өндүрүү боюнча социалдык-экономикалык мамилелеринин системасы.

Суроо-талап менен сунуштун жалпы мыйзамына баш ийүү менен эмгек рыногу бөлөк товардык рыноктон бир катар мүнөздөрү менен айырмаланган атайы рынок. Мында жөндөөчү факторлор болуп макро жана микроэкономикалык гана эмес, жумушчу күчтүн баасына-айлык маянага ар дайым мамилеси болбогон социалдык жана социалдык-психологиялык факторлор боло алышат. Эмгек рыногунун маңызы эмгекке болгон жөндөмдүүлүктү, өндүрүштүн, жумуш менен камсыз кылуунун, жумуш менен камсыз кылбоонун каражаттарын тейлөө, эмгек потенциалынын сапатын жана аны калыптандыруу механизмин, социалдык макулдашууну колдоону, социалдык кепилдикти ж.б. камсыздоо боюнча коом менен ишкерлердин, жумушчулардын ортосундагы мамилени түшүндүрүү аталат.

**Эмгек рыногун болжолдоо** жумуш менен камсыз кылуу кызматтарынын программаларын аткарууда зарыл болгон каражаттардын көлөмүн аныктоо базасы болуп эсептелет. Андан тышкары болжолдоо убактысында улуттук жана регионалдык жумуш менен камсыз кылуу саясаттарынын келечектерин аныктаганга шарт түзүлүп, массалык жумушсуздукту жок кылууга жана жарандардын иштеген жумуштарына жараша социалдык кепилдиктерди камсыздоого багытталган иш-чараларды иштеп чыкканга мүмкүндүк берет.

Мурдакы тажрыйбаларды негиз кылуу менен бирге, эмгек рыногун болжолдоодо салттык методикалык өбөлгөлөрү жөнүндө айтсак болот. Бул өбөлгөлөрдүн арасында алгач, бардык социалдык-экономикалык болжолдоолордун айкын пункту болгон демографиялык болжолдоо эсептелет. Макроэкономикалык болжолдоо системасында жол көрсөтүүчү метод болуп математикалык методдордо жана моделдерде кеңири колдонгон баланстык метод эсептелет.

Болжолдоодо методологиялык негизги ыкмаларды окуп-үйрөнүү аларды системалоого мүмкүндүк берди (1-сүр.)




1-сүрөт. Болжолдоого негизги методологиялык ыкмаларды системалоо

Кыргыз Республикасында жумуш менен камсыз кылуу менен жумушсуздуктун көйгөйлөрү кең масштабдуу ички миграциянын, жаңы жумуш орундарына караганда жаш жумушчулардын өсүү темпинин жогорулоосунан улам эмгек рыногунун жетишсиз уюшулган механизми барган сайын татаалданууда.

Эмгек рыногундагы белгиленген процесстер мамлекеттик жөндөөлөрдүн активдештирилүүсүн талап кылат. Жумуш менен камсыз кылуу мамлекеттик саясаты ишкердүүлүккө жана бөлөк экономикалык ишкердикке өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүн, эмгекке карата өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүн жана ишкердиктердин түрлөрүн эркин бөлүштүрүп жана аны колдонгон жарандардын конституциалык укуктары менен түшүндүрүлөт. Толук жана натыйжалуу эмгек менен камсыз кылууда жумуш берүүчүлөр, профсоюздар жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдар мамлекет менен ымалада болгондуктан, шериктештиктеги катализатордун ээлеген орду мамлекетке таандык.

Заманбап этапта жумуш менен камсыз кылуунун негизги тезиси төмөндөкүчө айтылат: мамлекет макроэкономикалык жөндөөдө инструменттердин жардамы менен натыйжалуу иштей тургандар үчүн максималдуу жагымдуу шарт түзүп, ал эми объективдүү себептер менен иштей албагандарга колдоо көрсөтүүсү кажет.

Эмгек рыногунун жана калкты жумуш менен камсыз кылууда алардын теориялык негиздерин жана жөндөөдөгү көйгөйлөрүн окуп-үйрөнүүдө мамлекеттик жумуш менен камсыз кылуунун кийинки принциптерин калыптандырганга шарт түзөт:

1) жумуш менен камсыз кылуунун көйгөйлөрү өкмөттүн экономикалык саясатынын көңүл чордонунда болуусу шарт;

2) жумушсуздуктун пайда болушун алдын-ала эскерткен иш-чараларга алгачкы көңүл бурулат;

3) жумуш менен камсыз кылуу  саясаты жумуш менен камсыз кылуу чөйрөсүндө эмгектин натыйжалуулугун жогорулатууга, прогрессивдүү түзүмдүк аракеттердин ыкчамдалышына багытталат;

4) жумуш менен камсыз кылуу саясаты интегралдык болуусу кажет.

Жыйынтыктап жатып мындай корутунду чыгаруу зарыл. Заманбап шартта Кыргыз Республикасында эмгек рыногунун нормалдуу өнүгүүсү үчүн улуттук жана регионалдык жумуш менен камсыз кылууну иштеп чыгуу жана жүзөөгө ашыруу кажет. Анын негизги максаты болуп эмгек рыногунун регуляторлорун колдонуу менен жумушчу күчтөрдүн суроо-талабы менен сунушунун теңдештигине жетишүү; өлкөнүн региондорунда гана эмес чет өлкөлөрдө калктын миграциялануусунун жана эмгек мобилдүүлүгүнүн жөндөөнүн деңгээлин жогорулатуу; адистердин кесиптик-квалификациялык түзүмүн оптимизациялоо эсептелет.

**“Эмгек рыногунун заманбап абалы жана экономикалык интеграциялоо шартында Кыргызстандагы жумуш менен камсыз кылуу саясаты”** аталыштагы экинчи бөлүмдө экономикалык интеграциялоо шартында Кыргызстандагы эмгек рыногунун динамикасынын талдануусундагы маселелери, жалпы рыноктун калыптанышы жана ошондой эле жумуш менен камсыз кылуу саясатына жана эмгек рыногунун жөндөлүүсүн болжолдоого таасирин тийгизген факторлор каралды.

Акыркы он жылдыкта  интеграциялоо жалпы өсүп-өнүгүүнүн күчтөнтүлгөн тенденциясы болуп калды.  Регионалдуу интеграциялоо бул бирдиктүү чарбалык комплектстерди калыптандырууга, саясий, илимий-техникалык, рационалдуу эл аралык эмгекти бөлүштүрүүнү  жана экономикалык тармакта интенсивдүү кооперациялоону болжолдогон маалыматтык биригүүгө жана ошондой эле улуттук-мамлекеттик коопсуздуктун деңгээлин жогорулатууга иш-аракеттери аталат. Кыргыз Республикасы интеграциялануу бирикмелерине: ШКБ, КМШ, ЕАЭБге активдүү катышып келишет. Экономикасынын анча чон эмес көлөмүнө жана калкына карабастан республика өзүнүн улуттук кызыкчылыктарын, анын ичинде жумуш менен камсыз кылуу тармагын калыбынан жаздырбай келет. Кыргызстандын заманбап этабындагы эмгек рыногунун негизги  мүнөздөрүнө токтоло кетсек.

Акыркы жылдар аралыгында эмгекти сунуштоо эмгекке болгон суроо-талаптан болжолдуу 32%га жогору болду. 2017-жылы экономикалык активдүү калктын саны 2525,2 миң адамды түзсө, жумуш менен камсыз болгондорунун саны – 2351,2 миң адам же экономикалык активдүү калктын 93,1%ын түзгөн. 2009-жылы бул пайыздык көрсөткүч 89,1%ды түзгөн эле.

Жалпы жолунан тендеция жагымдуу эле, себеби экономикалык активдүү калктын 90%ы жумуш менен камсыз. Каралып жаткан убакытта экономикалык активдүү калктын динамикасынын  2016-жылга өсүшү байкалып, ал эми 2017-жылга карата төмөндөгөнү байкалган. Экономикадагы жумуш менен камсыз болуунун санына карата дагы  ушундай тенденция байкалган (1-табл.).

1-таблица – Кыргызстандагы экономикалык активдүү калктын санынын динамикасы

| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Экономикалык активдүү калктын саны, миң. адам. | 2292,8 | 2377,8 | 2411,5 | 2419,2 | 2468,7 | 2504,2 | 2544,3 | 2547,4 | 2525,2 |
| анын ичинде: жумуш менен камсыз болгону, миң адам. | 2092,8 | 2168,1 | 2202,0 | 2211,3 | 2263 | 2302,7 | 2352,1 | 2363,7 | 2351,2 |
| жумуш менен камсыз болгону, % менен | 89,1 | 91,2 | 91 | 91,4 | 91,7 | 91,9 | 92,4 | 92,8 | 93,1 |

Булак: КР Улутстатком, http://www.stat.kg/ru/statistics/zanyatost/ сайты, «Жумуш менен камсыз кылуу» бөлүмү, 1.07.00.01 «Экономикалык жактан активдүү жана активдүү эмес калк»

Эгерде 2015-2017-жылдар аралыгын карай турган болсок, Кыргызстандын ЕАЭБдин курамына кирген убакыттан баштап, биздин оюубузча, ЕАЭБдин мүчө-өлкөлөрүндө Кыргызстандан барган эмгек мигранттарына ылайыктуу шарттар түзүлгөндүктөн, жагымдуу динамика байкалууда.

Кыргызстанда жумуш менен камсыз кылуу тармагында серепчилер эки парадоксту белгилеп айтышууда: бир тарабынан, алынган билим менен жергиликтүү эмгек рыногунун керектөөлөрүнүн ортосунда шайкеш келбөө көйгөйлөрү жаралса, экинчи тарабынан өлкөнүн экономикасы квалификациялуу адистерди жумуш орундары менен камсыз кылууда атаандаштыкка жөндөмдүү эмгек шарттары менен камсыздай албай келет.

Эмгек рыногун талдоодо жумуш орундарын түзүү маселелери дагы маанилүү. Бул эмгек рыногундагы жумушчу күчтөрдүн суроо-талабы тарабынан жөндөөчү көрсөткүчү гана болбостон, өлкөнүн жалпы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээлинин кыйыр күбөлүгү болуп эсептелет (2-табл.)

2-таблицада көрсөтүлгөн маалыматтар 2011-2015-жж. жумуш орундарын түзүү бирдей болбогондугун күбөлөйт. 2011-2013-жж. орточо 100миң жумуш орундары түзүлсө, 2014-2017-жж. 76 миңге чукул жумуш орундары түзүлгөн. 2017-ж. түзүлгөн жумуш орундарынын саны 75,0 миң болуп, 2011-ж. салыштырмалуу 25,5% га төмөн. Тармактар боюнча жумуш орундарын түзүү боюнча жагымдуу динамика өнөр-жайда, курулушта жана билим берүүдө байкалган. Айыл-чарбасында болсо жумуш орундарын түзүү жылдар боюнча анчалык деле айырмаланган эмес.

Жумуш орундарынын көп түзүлүсүнө карабастан, жаштар менен жумушсуздарды жумуш менен камсыз кылуу жетишсиз. Жумуш орундарынын дагы сапаты өзүнүн таасирин тийгизип келет: беделдүүлүгү, айлык маяна, эмгек шарты

ж.б. Бул көз караштан алып караганда, түзүлгөн жумуш орундары калктын бөлүгү жана жаштар үчүн жагымдуу эмес.

2-таблица – 2011-2017-жж. тармактар боюнча жумуш орундарын түзүү (бирд.)

| | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** | **2016** | **2017** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жалпы** | **100687** | **106947** | **105002** | **76509** | **76070** | **76210** | **74992** |
| Айыл-чарба | 30033 | 32609 | 33818 | 33146 | 34501 | 33650 | 30375 |
| Өнөр-жай | 6680 | 5798 | 4736 | 5231 | 5424 | 7629 | 5377 |
| Курулуш | 7989 | 7451 | 8218 | 8426 | 8602 | 8326 | 8362 |
| Соода | 24207 | 33511 | 30411 | 3318 | 5829 | 6950 | 10728 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 3364 | 2313 | 3153 | 3927 | 3908 | 2250 | 2446 |
| Транспорт жана байланыш | 10672 | 8594 | 9679 | 7083 | 3905 | 4528 | 5471 |
| Каржы ишкердиги | 886 | 753 | 776 | 635 | 441 | 325 | 270 |
| Кыймылсыз мүлктөр менен операциялар | 2372 | 2748 | 1454 | 504 | 624 | 268 | 1522 |
| Мамлекеттик башкаруу | 953 | 472 | 373 | 398 | 281 | 333 | 365 |
| Билим-берүү | 3386 | 1866 | 2449 | 2140 | 2497 | 1924 | 2244 |
| Саламаттыкты сактоо | 1831 | 861 | 1761 | 963 | 1219 | 996 | 743 |
| Ишкердиктин бөлөк түрлөрү (патенттер) | 8314 | 9971 | 8174 | 10738 | 8839 | 9031 | 7089 |

Булак: КР Улутстатком, http://www.stat.kg/ru/statistics/zanyatost/ сайты, «Жумуш менен камсыз кылуу» бөлүмү, 1.07.00.21 «Экономикалык ишкердиктин түрлөрү боюнча кайрадан түзүлгөн жумуш орундарынын саны» (ГКЭД-3).

Жумушсуздуктун деңгээли боюнча сөз кыла турган болсок, Эл аралык Эмгекти уюштуруунун (ЭАЭУ) методологиясы боюнча 2017-жылы бул көрсөткүч 6,9%ды түзүп, 2011-жылга карата 8,5% төмөндөгөн. Жалпысынан аталган жылда жумушсуздуктун денгээлинин жыл сайын төмөндөшүнөн Кыргызстандагы экономиканын жакшырышын чагылдырган (2-сүр.).

Жумушсуздуктун деңгээли менен экономикалык абалдын ортосундагы өз-ара байланыштарды изилдөө Оукендин мыйзамында түзүлгөн. Изилдөө ишинде бул мыйзамды Кыргызстандын көрсөткүчтөрүндө талдадык. 2002-жыл абдан оор болуп, ИДПнын көлөмү ыкчам төмөндөп, жумушсуздардын саны 265,5миң адамга дароо өсүп кеткен.




2-сүрөт. Кыргыз Республикасындагы жумушсуздуктун деңгээли (%менен)

Булак: КР Улутстатком, http://www.stat.kg/ru/statistics/zanyatost/ сайты, «Жумуш менен камсыз кылуу» бөлүмү

Жумушсуздуктун деңгээли менен экономикалык абалдын ортосундагы өз-ара байланыштарды изилдөө Оукендин мыйзамында түзүлгөн. Изилдөө ишинде бул мыйзамды Кыргызстандын көрсөткүчтөрүндө талдадык. 2002-жыл абдан оор болуп, ИДПнын көлөмү ыкчам төмөндөп, жумушсуздардын саны 265,5миң адамга дароо өсүп кеткен.

ИДПнын төмөндөшү 2009-2011-жж. туура келип, ал жылдары жумушсуздуктун саны дагы жогорулаган. Андан ары ИДП нын өсүшү жана жумушсуздуктун деңгээлинин төмөндөшү байкалган. Графикалык түрдө бул процесс 3-сүрөттө көрсөтүлүп, анда модель төмөндөкүдөй түргө ээ:

**GDP**, % = -1.92***BEZRAB**, % + 18.55




3-сүрөт. КРнын 2002-2017-жж. жумушсуздуктун деңгэли менен ИДПнын көз карандылыгы.

Жумушсуздуктун жалпы деңгээлининен тышкары катталган жумушсуздуктун деңгээли эсептелген. Кыргызстандын жарандарынын арасында эмгек биржасында каттоо тажрыйбасы каралган эмес. Ошондуктан 2017-жылы жумушсуздардын жалпы саны 174,0 миң адамдарынын санынын ичинен 60,4 миң адамы гана расмий жумушсуз статусуна ээ. Жумушсуздуктун каттодогу деңгээли жыл сайын 2-3%да өзгөрүлүп турат. Жалпы жумушсуздуктун деңгээли менен расмий жумушсуздуктун деңгээлинин ортосундагы ажырымы 5%ды түзүп, ал эми сандык көрсөткүчтө өз алдынча жумуш издегендердин саны 100дөн 130 миң адамга чейин жетет.

Мамлекеттик жумуш менен камсыз кылуу кызматынын калк менен иштөөсүндөгү келечектүү багыты болуп, эмгек рыногуна зарыл болгон адистиктерге жумушсуздарды окутуу эсептелет. 2017-жылы адистик окутууга 6,5миң жумушсуз адам жөнөтүлгөн.

Кичи жана орто бизнести өнүктүрүүнүн эсебинен жаңы жумуш орундарын түзүү максатында жумушсуз жарандарга насыя берилип баштады. 2011-2017-жж. микронасыялоонун эсебинен 9,5 миң жаңы жумуш оруну түзүлгөн. Микронасыя алган жумушсуздардын дээрлик көпчүлүгү: Бишкек шаарында (2,0 мин адам), ал эми Ысык-Көл областында (1,8миң адам), Ош областында (1,5миң адам), Жалал-Абад областында (1,0 миң адам), Баткен областында (1,2миң адам) туура келет.

Калкты жумуш менен камсыз кылуу саясатына активдүү таасир бере турган иш-чаралардын бири болуп, төлөнө турган коомдук иштер эсептелет. Узак мөөнөт жумуш издеп жүргөн жумушсуздарды утурумдук жумуш менен камсыз кылуу аракетин мамлекеттик жумуш менен камсыз кылуу кызматы жүзөөгө ашырып, 2017-жылы төлөнүүчү коомдук жумуштарга 19,0 миң адам жиберген.

Кыргызстанда калкты жумуш менен камсыз кылууга аракет программалары иштелип чыгууда. Ушундай программалардын акыркыларынын бири болуп "Калкты жумуш менен камсыз кылууга аракети жана 2020-жылга чейинки ички жана тышкы эмгек миграцияны жөндөө программасы" №485 06.09.2013-ж. КР Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген.

КР Өкмөтүнүн №203 2012-жылдын 26-мартындагы токтому менен эмгек рыногундагы керектөөлөрдү болжолдоо максатында "Эмгек ресурстарына болгон керектөөлөрдү болжолдоо методикасы" бекитилген. Өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүү максатына ылайык професионалдуу адистерге суроо-талабы багытталган адистерди даярдоо жана кайрадан даярдоо боюнча стратегиялык пландоо иш-чараларды иштеп чыгуу үчүн аталган болжолдоону аткаруу зарыл.

Жогоруда аталган программаларды жана бөлөк нормативдик-укуктук актыларды жүзөгө ашырууда калкты жумуш менен камсыз кылуу иш-аракети чөйрөсүндө, ички эмгек миграциясында бир нече көйгөйлөрдү чечүүгө өбөлгө түзүп, эмгек мигранттарын коргоого иш-чаралар өткөрүлүп, калкты жумуш менен камсыз кылуу маселелеринде жумуш берүүчүлөр менен өз-ара алака жакшырып, жумуш орундарын түзүүнү талдоо механизми киргизилди.

Ошол эле учурда жумуш менен камсыз кылуу чөйрөсүндө бир нече көйгөйлөр бар, атай кетсек:

- эмгекке жарамдуу курактагы жумушсуз жарандардын санынын көбөйүүсү;
- калктын тышкы эмгек миграциясынын жетишээрлик бийик деңгээли;
- эмгек рыногундагы профессионалдык адистерге болгон суроо-талап менен сунуштун теңсиздиги;
- калкты жумуш менен камсыздоо иш-аракеттеринин жана жумушсуздардын ж.б. каржылык колдоого багытталган иш-чаралардын жетишсиз каржылануусу.

Заманбап шартта Кыргызстандагы түзүлүп калган социалдык-экономикалык кырдаалдардан улам бул көйгөйлөрдү толук чечүү мүмкүн эмес. Ошондуктан 2000-ж. башында калк бул кырдаалдан тикелей чыгууда эмгек миграциясынан жол табышкан. Аны менен катар эле жакынкы КМШ коңшу өлкөлөрү болгон Казахстан жана Россия менен эмгек рыногунун интеграциялуусунун негиздери түптөлгөн. Кыргызстан үчүн эмгек миграциясынын маанилүүлүгү эмгек мигранттарынын ири акча которуулары менен бекемделет. Мисалы, КР Улуттук банкынын маалыматы боюнча которуулардын суммасы 2016-

ж. 1991,3млн.долл. түзсө, 2017-ж. 2083,73 млн.долл. түзгөн.

Ошентип, 2015-ж. ЕАЭБдин курамына Кыргызстандын киргендининен пайда алып келген негизги тармак болуп эмгек рыногу эсептелип башталган.

ЕАЭБ - Евразиялык экономикалык биримдик жөнүндө Келишимдин негизинде уюшулган жана эл аралык субъектикке укугу бар регионалдык экономикалык интеграциялоонун эл аралык уюму. ЕАЭбдин алкагында жумушчу күчүнүн, капиталдын, товарлардын жана тейлөөлөрдүн эркин аракети жана экономиканын тармактарында бирдиктүү макулдашылган саясаттын жүргүзүлүшу камсыздалат.

Мамлекет аралык эмгек рыногунун жөндөлүшүнө таасирин тийгизген ЕАЭБдин мүчө-өлкөлөрүнүн көрсөткүчтөрүн карап көрөлү.

3-таблицада көрсөтүлүп тургандай, 2017-жылдын ИДПсы ЕАЭБдин өлкөлөрүнүн арасында эң жогорку көрсөткүч Россияда 1578764 млн.долл, ал эми Казахстанда - 162887 млн.долл. түзгөн. Аны менен катар эле аталган бул өлкөлөрдө киши башына эң жогорку ИДП туура келет. Орто айлык маяна Россияда 671,4 долл., Казахстанда – 462,7долл. түзөт.

Кыргызстанда көрсөткүчтөр эң төмөнкү деңгээлди көрсөткөндүктөн, өлкөдө эмгек ресурстарынын миграциясынын негизги себеби болуп эсептелет. Жогорку айлык маяна алуу бул өлкөлөргө чет элдик мигранттарды тартуу ыктымалдыгын жогорулаткандыктан аларды “тартып туруучу факторлор” деп аташат.

3-таблица. ЕАЭБдин мүчө-өлкөлөрүнүн негизги экономикалык көрсөткүчтөрү

| | Жыл дар | Армения | Белоруссия | Казахстан | Кыргызстан | Россия |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ИДП, млн.долл. | 2010 | 9260 | 56941 | 148052 | 4795 | 1525314 |
| | 2017 | 11537 | 54697 | 162887 | 7703 | 1578764 |
| Калктын киши башына карата, долл. | 2010 | 3041 | 6000 | 9071 | 920 | 10678 |
| | 2017 | 3872 | 5759 | 9030 | 1296 | 10745 |
| Орточо айлык маяна, долл. | 2010 | 274,7 | 406,6 | 526,7 | 156,4 | 690,1 |
| | 2017 | 368,4 | 425,6 | 462,7 | 227,5 | 671,4 |

Булак: ЕАЭБдин сайтынын негизинде автор түзгөн. http://www.eurasiancommission.org/ru/act/integr_i_makroec/dep_stat/union_stat/Pages/statistics/divisions.aspx

Экономикалык өсүп-өнүгүүнүн тез өнүгүүдөн артта калуусунун жыйынтыгында калктын эмгек ресурстарынын ашыкча болуусуна алып келип, жыйынтыгында өлкөнүн жумушчу күчүнүн бир бөлүгү иш-издөө максатта өлкөсүн таштоого мажбур болот. Көптөгөн өлкөлөрдө эмгек ресурстарынын ашыкча болуу шартында жумушчу күчтөрүнүн чыгаруулусу жумушсуздукту кыскартууга өбөлгө түзүп, чет өлкөдөн акча которуулардын агып киришин камсыздайт.

ЕАЭБдин өлкөлөрүндө демографиялык кырдаал маанилүү мааниге ээ экендиги 4-таблицада чагылдырылган.

4-таблица . ЕАЭБдин мүчө-өлкөлөрүнүн демографиялык көрсөткүчтөрү

| | **Жыл дар** | **Армения** | **Белоруссия** | **Казахстан** | **Кыргызстан** | **Россия** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Туруктуу калктын саны,миң адам. | 2010 | 3055,2 | 9499,97 | 16203,3 | 5418,3 | 142833,5 |
| | 2017 | 2986,2 | 95504,7 | 17918,2 | 6140,2 | 146804,4 |
| Жакырчылыктын деңгээи,% | 2010 | 35,8 | 5,2 | 6,5 | 33,7 | 12,5 |
| | 2017 | 25,7 | 5,9 | 2,6 | 25,6 | 13,2 |
| Табигый өсүш (+) кыскаруу (-), адам | 2017 | 10543 | -16755 | 261253 | 120454 | -135818 |
| 25 жашка чейинки калктын үлүшү, жаш,% | 2017 | 33,47 | 26,63 | 40,74 | 48,10 | 26,83 |

Булак: ЕАЭБдин сайтынын негизинде автор түзгөн.
http://www.eurasiancommission.org/ru/act/integr_i_makroec/dep_stat/union_stat/Pages/statistics/divisions.aspx

Калктын саны боюнча 2017-ж. эң жогорку көрсөткүч Россияга (147 млн.адам) жана Казахстанга (18млн.адам) таандык болсо, эң төмөнкү көрсөткүч Арменияга таандык (3млн.адам). Бирок Казахстанга караганда Россияда табигый кыскаруу кыйла жогору (135,8 миң адамга). Белоруссияда дагы ушундай тенденция. Мына ошентип, Белоруссия менен Россиянын демографиялык деңгээли анча көп эмес төрөлүү менен түшүндүрүлөт. Россия менен Белоруссиянын эмгек рыногунун өнүгүүсүңдөгү мындай маанилүү демографиялык жагдай калктын ыкчам картаюусунун санын жогорулатып, б.а. улгайган кары адамдардын үлүшүнүн жогорулоосуно жана бала бакча жана эмгекке жарамдуу калкынын санынын азаюусуна алып баруудa. Ошол эле учурда Армения, Кыргызстан жана Казахстанда демографиялык абал жагымдуу. Арменияда 25 жашка чейинкилердин үлүшү - 33,5%ды, Казахстанда – 40,7 ды%, Кыргызстанда – 48,1%ды түзөт. Кыргызстан бул көрсөткүч боюнча ЕАЭБдин курамында биринчи орунду ээлейт.

Жакырчылыктын эң бийик деңгээли Арменияга (25,7%), Кыргызстанга (25,6%), ал эми төмөнкү деңгээли Белоруссияга (5,9%) жана Казахстанга (2,6%) мүнөздүү. Россия ортонку абалда (13,2%).

Кыргызстандын кырдаалын ала турган болсок, Россия менен Казахстанга эмгек мигранттарын "түртүүчү" фактор болуп кирешелүүлүктүн эң аз деңгээли жана жумушсуздук таасир берет. Ошол эле учурда негизги "тартуучу" фактор болуп Россиядагы демографиялык оор абал жана Казахстандагы жумушчу күчүнө болгон жогорку суроо-талап жана жогорку эмгек акы эсептелет.

Жумушсуздук менен болгон кырдаалды талдоодо 2017-ж. эң жогорку жумушсуздуктун деңгээли Арменияга (17,8%) мүнөздүү болгон. Андан кийинки деңгээл Кыргызстанга тиешелүү (6,9%). Жумушсуздуктун эң төмөнкү деңгээли

гээли Казахстанга мүнөздүү (4,9%). Мүчө-өлкөлөрдүн басымдуусунда жумушсуздуктун деңгээлинин төмөндөөсүн жагымдуу тенденция катары белгилешет (5-табл.).

5-таблица. Жумушсуздуктун деңгээли (ЭАЭУнун методологиясы боюнча,%)

| | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Армения | 19 | 18,4 | 17,3 | 16,2 | 17,6 | 18,5 | 18 | 17,8 |
| Белоруссия | - | - | - | - | 5,1 | 5,2 | 5,8 | 5,6 |
| Казахстан | 5,8 | 5,4 | 5,3 | 5,2 | 5 | 5 | 5 | 4,9 |
| Кыргызстан | 8,6 | 8,5 | 8,4 | 8,3 | 8 | 7,6 | 7,2 | 6,9 |
| Россия | 7,3 | 6,6 | 5,5 | 5,5 | 5,2 | 5,6 | 5,5 | 5,2 |
| ЕАЭС | 7,3 | 6,6 | 5,7 | 5,6 | 5,4 | 5,7 | 5,7 | 5,4 |

Булак: ЕАЭБдин сайтынын негизинде автор түзгөн.
http://www.eurasiancommission.org/ru/act/integr_i_makroec/dep_stat/union_stat/Pages/statistics/divisions.aspx

ЕАЭБдин маанилүү түзүмү болуп эмгек рыногу эсептелет. Жумушчу күчтөрдүн эркин аракетинин жана жалпы эмгек рыногунун түзүү шарттарын калыптандыруу интеграциялык биригүү иш-чараларынын ары татаал жана маанилүү багыттары болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу ЕАЭБдин өлкөлөрү жалпы миграциялык агымдарга ээ болгону менен миграциянын негизги көлөмү башкарыла тургандай мүнөзгө ээ эмес. ЕАЭБдин мүчө-өлкөлөрүнүн алдында үчүнчү өлкөлөрдөн жумушчу күчтөрүнүн аракеттерин жөндөөчү бирдиктүү тартипти иштеп чыгуу турат.

Эмгек рыногунун маселелери ЕАЭБдин Келишимининин XXVI - “Эмгек миграциясы” бөлүмүндө каралган. Аталган бөлүм ЕАЭБдин алкагында эмгек миграциясынын чөйрөсүндөгү мүчө-мамлекеттердин Шериктештиги төмөндөкүдөй формаларда жүргүзүлөт: 1) эмгек миграциясындагы жалпы ыкмаларды жана принциптерди бекемдөө; 2) нормативдик-укуктук актыларды алмаштыруу; 3) маалыматтар менен алмашуу; 4) анык эмес маалыматтарды жайылтууга багытталган иш-чараларга кам көрүү; 5) тажрыйба алмашуу, окуу курстарын, семинарларды жана стажировкаларды өткөрүү; 6) консультациялык органдардын чегинде шериктештик.

Жыйынтыктап жатып, ЕАЭБдин шартында Кыргызстандагы эмгек рыногу эмгек акынын эң төмөн деңгээли менен гана мүнөздөлбөстөн, жумуш орундарынын жетишсиздиги менен дагы мүнөздөлөт. Толук эмес жана расмий эмес жумуш менен камсыз кылуу кеңири колдонулат. Жаңы басымдуу жумуш орундары (75-85%) экономиканын расмий эмес тармагында түзүлүүдө.

**“ЕАЭБдин жалпы эмгек рыногуна интеграциялануу процессинде Кыргызстандын жумуш менен камсыз кылуу саясатын жана эмгек рыногун болжолдоо механизмин жакшыртуу”** аталыштагы үчүнчү бөлүмдө узак

мөөнөттүү тенденциянын негизинде Кыргызстандын жумуш менен камсыз кылуу саясаты жана эмгек рыногун болжолдоо механизми жана ЕАЭБдин шартында Кыргызстандын жумуш менен камсыз кылуу саясатын жакшыртуунун келечектүү багыттары каралды.

Кыргыз Республикасынын эмгек рыногунун өнүгүүсүн талдоодо калктын жумуш менен камсыз кылуу саясатынын жакшыртылуусу зарыл. Калкты жумуш менен камсыз кылуу саясаты эмгек потенциалынын натыйжалуу колдонууну, калктын ар кыл категориясын жумуш менен камсыз кылуу мүмкүндүгүн кеңейтүүсүн камсыздашы кажет.

Калкты жумуш менен камсыз кылуу аракетинин Өкмөттүк программасы калкты жумуш менен камсыз кылуунун мамлекеттик саясатына ыңгайланышы керек. Жумуш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүүчү мыйзамга ылайык, анын негизги максаты жумушка орноштуруу боюнча укуктук жөндөөнү жана калкты жумуш менен камсыз кылуу мамлекттик кызматтарынын мамлекеттик органдары аркылуу жумуш издеген адамдардын жана жумушсуз жарандарга социалдык колдоо көрсөтүүсүн камсыздоо эсептелет. Башкаруунун бардык деңгээлдеринде мамлекеттик жумуш менен камсыз кылуунун формасы болуп жалпы мамлекеттик, территориалдык жана жергиликтүү (шаардык, райондук) программалар эсептелет.

Кризистик кубулуштарды жоюу, экономикалык ишкердикти активдештирүү, өндүрүштүн индустриалдык-инновациялык тибине өтүшү бүгүнкү күндө мамлекеттен жумуш менен камсыз кылуунун стратегиясынын жаңы тибин б.а. “өнүгүүнүн стратегиясын” иштеп чыгуусун талап кылат.

Жумуш менен камсыз кылуунун стратегиясы – рыноктун негизги тенденцияларын, кабыл алынган чечимдердин социалдык-экономикалык таасирлерин, эмгек рыногунун нормативдик-укуктук базасын түзүүдө жана жумушчу күчтөрүнүн миграциясынын жөндөлүшүнүн талдоосун эсепке алуу менен социалдык-эмгек мамилелеринин чөйрөсүндө максаттардын, принциптердин, тапшырмалардын жана этаптардын иерархияларынын системасы аталат. Жаңы “өнүктүрүүнүн стратегиясынын” тапшырмалары болуп ресурстарды натыйжалуу колдонуу, өлкөнүн жаранынын өзүнүн эмгекке болгон конституциялык укугун жүзөөгө ашырууда, айлык акы алууда жана эмгектин шарты боюнча социалдык коргоону камсыздап татыктуу эмгекти жаратуусу менен - негизги максатка жетүү толук мүмкүн.

Жогорку деңгээлде социалдык корголууга ээ болгон калкты эмгек менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү жана эмгек рыногундагы ийкемдүү саясаттын айкалышы б.а. экономикалык натыйжалуулук менен жумушчулардын укугун жана кепилдигин камсыздоонун ортосундагы оптималдуу балансты табуу аталат.

Республиканын новациясы болуп мамлекет тарабынан адистерди даярдоо жана кайрадан даяроого иш-аракеттерин жасаган жумуш берүүчүлөрдү колдоо

эсептелет. Социалдык өнөктөш катарында жумуш берүүчүлөрдү тартуу адистерге болгон жаңы професионалдык-квалификациялык талаптарды тактоону жана иштеп чыгуунун сунуштайт.

Кыргызстан үчүн жумуш менен камсыз кылуунун жаңы старатегиясынын келечектери болуп кийинки багыт эсептелиши мүмкүн:

- институционалдык-укуктук базаны андан-ары жакшыртуу.

Мыйзамдуу жөндөлүүнүн объектиси болуп жеке катталган жумушсуздук гана эмес жалпысынан жумуш менен камсыз кылуу эсептелет:

- кичи жана орто ишкердүүлүктү өнүктүрүүдө, өндүрүштүк жана агрардык тармактарда өндүрүштү инновациялык жаңылантууда жана өнүктүрүүдө активдүү иш-чараларды өткөрүүнүн эсебинен республикалык бийлик органдарынын жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын жумуш менен өздөрүн камсыз кылган калктын көйгөйлөрүн чечүүгө багыты;

- калктын жумуш менен камсыз кылуусунун эсебин, отчеттулугун жана көзөмөлүнүн системасынын натыйжалуулугуна шарт түзүү, эмгек рыногунун өнүгүүсүндөгү кооптуулукту жоюу, эмгек рыногун жөндөө боюнча чечимдерди координациялоо;

- өтө маанилүү актуалдуу көйгөйлөр боюнча жаңы илимий изилдөөлөрдөгү натыйжалуу эмгек рыногун түзүү жана миграцияны жөндөө.

Мында болжолдоо өз алдынча болуп эсептелип, айрым учурда башкаруунун жана пландоо системасынын негизги компоненти болуп эсептелет. Жумуш менен камсыз кылуунун саясатынын өнүгүүсүнүн зарыл шарты болуп, эмгек рыногунда болжолдоонун экономико-математикалык, эконометрикалык моделдерин колдонуу эсептелет. Болжол моделдердин жардамы менен иштелип чыккан жана ойлоноштурулган маалыматтардын учурунда мүмкүн.

Андан тышкары, ЕАЭБдеги жалпы эмгек рыногун түзүү болжолдуу-аналитикалык иштерди макулдашусун сунуштайт. Биз белгилеп кеткендей, Кыргызстандын жумуш менен камсыз кылуу кызматы РФнын эмгекти жана социалдык коргоо Министирлигинин алдындагы ЖИИИде колдонулган Россиядан айырмаланып, болжолдоонуну эконометрикалык методдорун колдонбойт.

Мына ошентип, эмгек рыногундагы интеграциялоонун заманбап шарттары жумуш менен камсыз кылуу саясатынын андан-ары өнүгүүсүндө экономикалык болжолдоо методдорун кеңейтилүүсүн талап кылат.

Биздин көз карашыбызча, улуттук эмгек рыногунун жөндөлүшүн жакшыртууда өзгөчө мааниге ээ болгон каралып жаткан объектиде сандык жана сапаттык мүнөздөр кездеше турган болсо, анда болжолдоонун расмий жана туюмдуу методдорун колдонуу эсептелет.

Эмгек рыногуна таасир берген негизги факторлорду бөлүп карасак:

- жашаган жери жана жашы боюнча 15 жаш курактагы жана андан улуу-жумуш менен камсыз болгон калк (миң адам) - **у**;

-экономикалык жактан активдүү калк (миң адам) - $\mathbf{x_1}$;

-жумушсуздар (миң адам) - $x_2$;

-Кыргызстандын калкынын тышкы миграциясы (чыккандар) (адам) -$x_3$

-калктын табигый кыскарышы (адам) - $x_4$

-ЖОЖдордогу бүтүрүүчүлөрдүн саны, опбб (миң адам) - $x_5$.

Мына ошентип, регрессиялык моделдин жардамы менен алынган моделди куруудa алгач аны азыраак квадраттар методу менен эсептейбиз. Бул болсо бир фактордун бөлөк фактордон көз карандуулугун көрсөтүүгө өбөлгө түзөт. Мисалы, Y тин X1, X2 ж.б.. көз карандуулугу

*a жана b түз сызыктуу параметрлүү регрессиялар* $\underline{y}=a+b*x$

*a жана b нормалдуу теңдештирүү системасынын чечүүнүн жыйынтыгында эсептелет:*

$$\begin{cases} n\cdot a+b\sum x=\sum y, \\ a\sum x+ b \sum x^2=\sum y\cdot x \end{cases}$$

Регрессиялык моделдин жардамы менен Кыргызстандагы эмгек рыногунун 2025-жылга чейинки негизги көрсөткүчтөрүн болжолдоо эсептелди (7-табл.)

7-таблица. Кыргызстандагы эмгек рыногунун негизги көрсөткүчтөрүн болжолдоо, миң адам.

| | **2017 факт.** | **2018 күтүү** | **2019** | **2020** | **2021** | **2022** | **2023** | **2024** | **2025** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 15жаш жана андан улуу курактагы жумуш менен камсыз болгон калк | 2351,2 | 2269,3 | 2280,6 | 2294,1 | 2309,6 | 2327,2 | 2346,9 | 2369,8 | 2392,7 |
| Экономикалык активдүү калк | 2525,2 | 2497,3 | 2476,1 | 2486,7 | 2513,2 | 2540,5 | 2553,5 | 2566,9 | 2575,9 |
| Жумушсуздук | 174 | 228,0 | 195,5 | 192,6 | 203,6 | 213,3 | 206,6 | 220,3 | 183,2 |
| Тышкы миграция, адам | 5899 | 6274 | 8841,8 | 12844,5 | 9786,9 | 7926,3 | 6671,8 | 5767,4 | 5083,7 |
| Калктын табигый кыскарышы | 33,16 | 35,99 | 35,85 | 35,56 | 35,13 | 34,57 | 33,87 | 33,03 | 32,05 |
| ЖОЖдордогу бүтүрүүчүлөрдүн саны,опбб | 58,99 | 55,80 | 58,79 | 61,78 | 64,77 | 67,76 | 70,74 | 73,73 | 76,72 |
| Киши башына орточо кирешелер, сом | 4739,4 | 4964,2 | 5258,2 | 5552,2 | 5846,2 | 6140,2 | 6434,2 | 6728,2 | 7022,1 |

Булак: Автор түздү

Эконометрикалык моделдин негизинде жумушчу күчтөрүнүн сунушун (экономикалык активдүү калктын саны), жумушчу күчкө болгон суроо-талабын

(жумуш менен камсыз болгон калк), жумушчу күчтүн сунушу менен суроо-талабынын теңдешүү деңгээлин (жумушсуздардын жалпы саны) жумуш менен камсыз кылуу чөйрөсүн жана эмгек рыногунун негизги түзүүчүсүн болжолдоодо эсептердин инструменти катарында колдонулду

2025-ж. жумуш менен камсыз болгон калктын саны 2392,7 миң адамга жетээри болжолдонууда. Бул көрсөткүч 2017-ж. 1,8%га барабар болгон. Бул эмгек рыногуна болгон суроо-талаптын, анын ичинде интеграциялоо процессинин эсебинен акырындап көбөйүшүн күбөлөндүрүүдө.

2025-жылы экономикалык активдүү калктын көрсөткүчү 2575,9 миң адамды түзүп, 2017-жылга салыштырмалуу 2%га өсөөрү болжолдонууда. Бул Кыргызстандагы болуп жаткан демографиялык өсүш менен байланышта. Жумушсуздардын санынын динамикасы изилдөө убактысына бирдей динамикага ээ эмес. 2025-жылга ал 183,2 миң адамга жетип, 2017-ж. салыштырмалуу 5,3%га өсөөрү болжолдонууда. Биздин оюбузча, бул кийинки себептер менен түшүндүрүлөт:

1) 2006-2009-жж. төрөлгөн жаш жарандардын рынокко алгач чыгуулары. 2006-ж. баштап төрөлгөн балдардын санын өсүшү байкалган: 2006-ж. – 120,7 миң. адам, 2007-ж. - 123,3 миң.., 2008 -ж.- 127,3 миң., 2009 - ж.- 135,5 миң.адам;

2) 100миңден ашпаган жумуш орундарын түзүү болжолдонууда, себеби андан ашса керектөөнү жаба албайт.

Ошол себептен эмгек миграциясы азыркы учурдакыдай болуп эле ошол эле масштабда эле сакталып калмакчы. Болжолдоонун жыйынтыктары орто мөөнөткө эмгек рыногундагы жумуш менен камсыз кылуу саясатынын андан ары иштеп чыгуусунун негизи катары колдонулушу мүмкүн.

Туруктуу динамикада эконометрикалык моделдин жардамы менен интеграциялануу шартында жумуш менен камсыз кылуу саясатынын калыптануусунда, жөндөлүүсүндө жана жүзөөгө ашырылышында Кыргызстандын эмгек рыногунун процесстерин болжолдоо мүмкүн.

Рынок экономикасынын шартында эмгек рыногунда толук жумуш менен камсыз болууга мүмкүн эмес, бирок аны мамлекеттик саясаттын жардамы менен турукташтыруу жана жөндөө мүмкүн. Ал калкты коргоо боюнча ар кандай социалдык программаларды түзүүсүнө, жумуш орундарынын, жумушка орноштуруунун, адистерди даярдоо жана кайрадан даярдоодо санынын өсүшүнө, жумуш менен камсыз кылуу мамлекеттик кызматында каттодон өткөн жумушсуз жарандарга коомдук жумуш сунуштоого багытталат.

Жумуш менен камсыз кылуу саясатын жакшыртуунун келечектүү багыттарына төмөнкүлөрдү киргизсе болот:

- Кыргызстанда жаңы ишканаларды түзүү үчүн жумуш орундарын көбөйтүүгө өбөлгө түзө турган ЕАЭБдин өлкөлөрүнөн инвестицияларды тартуу;

- көмүскө экономиканы жана ага жараша формалдуу эмес жумуш орундарын кыскартуу боюнча иштерди жүргүзүү;
- конкреттүү ишкана үчүн уюшулган эмгек миграциясына мамлекеттик келишимдерди бекитүү;
- эмгек рыногунун жана билим берүү рыногунун жакындашуусу боюнча иштерди жүргүзүү;
- эмгек ресурстарына керектөөлөрдү болжолдоо системасын жана өлкөнүн экономикалык тармактарына керектөөлөргө ылайык адистерди даярдоонун саны жана түзүмүн аныктоодо эмгек рыногунун маалыматтык системасын өнүктүрүү;
- ЕАЭБдин ж.б. өлкөлөрдүн адистеринин биргелешкен топторунда жумуш менен камсыз кылуу саясатынын жана эмгек рыногунун маселелери боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү.

## ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР

1.Эмгек рыногунун толук, натыйжалуу жөндөлүшү жана калыптануусу; калктын жумуш менен камсыз кылуу мамлекеттик саясатынын жөндөлүшүн иштеп чыгуу; мамлекеттин экономиканы көзөмөлдөөсүн күчтөнтүү; социалдык өнөктөштүк системасын ж.б. колдонуу мамлекеттик колдоосуз мүмкүн эмес.

2.Эмгек рыногун болжолдоодо эки жолдун айкалышын: генетикалык жана максаттуу жолдорду колдонуу зарылдыгы илимий изилдөөдө аныкталды. Бул мыйзамдуулуктун жана өнүгүүнүн тенденциясы катарында изилдөөнүн объектисин ачыктаганга өбөлгө түзөт.

3.Болжолдоодо болжодуу эсептердин максималдуу так жыйынтыктарды алууга жетүү үчүн ар кандай жолдор жана методдордун айкалыштыгы колдонулат. Эң ыңгайлуу болжолдоонун методу болуп статистикалык маалыматтарды математикалык жактан иргөөнүн негизинде факторлор менен жыйынтыктардын ортосундагы көп тараптуу себептүү байланыштарды чагылдырган экономикалык-математикалык моделдөө эсептелет.

4.Азыркы учурда жумуш менен камсыз кылуу чөйрөсүндө бир нече көйгөйлөр кездешет, аларга: эмгекке жарамдуу жумушсуз атуулдардын санынын көбөйүшү; республиканын потенциалдуу интеллектуалдуу жана адискөй эмгек ресурстарынын дээрлик азайышына жана жогорку квалификациялуу эмгек ресурстарынын кыскарышына алып келгендиктен улам калктын тышкы эмгек миграциясынын жетишээрлик бийик деңгээли; эмгек рыногундагы професионалдуу адистердин сунушунун жана суроо-талабынын теңсиздиги ж.б. Заманбап абалда бул көйгөйлөрдү чечүү Кыргызстандагы социалдык-экономикалык кырдаалга жараша толук мүмкүн эмес.

5.Кыргыз Республикасынын эмгек рыногунун негизги өзгөчөлүктөрү бүгүнкү күндө эмгекке жарамдуу калктын жогорку өсүш темпинен жумушчу күч-

төрдүн саны басымдуу болууда. Жумушчу орундарды түзүү эмгек рыногундагы калктын агымын жаппай жатат.

6. Кыргыз Республикасы ЕАЭБде активдүү катышууда. Анча чоң эмес экономикасынын көлөмү жана калкына карабастан республика өздөрүнүн кызыкчылыктарын, өзгөчө эмгек менен камсыз кылуусун талап кылып келүүдө. Кыргызстандын ЕАЭБдин курамына кирүүдө пайданы ыкчам сезген негизги тармак эмгек рыногу болуп эсептелди. Азыркы учурда ЕАЭБдин жалпы эмгек рыногу биринчиден эмгек миграциясынын эсебинен калыптануусу уланууда.

7. ЕАЭБде ар кандай тенденциялар жүргүзүлүүдө. Демографиялык планда Белоруссияда, Россияда калктын ыкчам картаюусу байкалып, ошол эле учурда Арменияда, Казахстанда жана Кыргызстанда демографиялык абал өз нугунда. Россия менен Казахстанда киши башына ИДП эң жогору болуп, ага жараша Россияда айлык маяна 671,4 долл., Казахстанда – 462,7 долл. түзөт. Жакырчылыктын бийик деңгээли Арменияда жана Кыргызстанда байкалса, ал эми төмөнкү деңгээли Белоруссия менен Казахстанда байкалса, Россияда ортоңку абалда.

8. Эмгек мигранттарын Россияга жана Казахстанга “түртүүчү” негизги факторлордон болуп айлык акынын төмөнкү деңгээли (227,5долл.), жумушсуздуктун жогору деңгээли (6,9%) ачыкталды. Ошол эле учурда “тартуучу” фактор болуп, Россиянын демографиялык кризиси, Казахстандагы жумушчу күчүнө өсүп жаткан суроо-талап жана жогору эмгек акылар эсептелди.

9. Изилдөө процессинде иштелип чыккан болжолдуу эконометрикалык модель 2025-жылга чейинки эмгек рыногунун негизги көрсөткүчтөрүнүн өнүгүү тенденциясын аныктайт. Болжолдоонун жыйынтыгы орто мөөнөттүү убакытка эмгек рыногундагы жумуш менен камсыз кылуу саясатынын андан-ары иштелип чыгышы катары колдонулушу мүмкүн.

10. ЕАЭБде жалпы эмгек рыногун түзүү аналитикалык-болжолдоо иштердин биригүүсүн сунуштайт. Бул Кыргызстандагы жумуш менен камсыз кылуу мамлекеттик саясатын өз учурунда калыбына келтирүүгө өбөлгө түзөт.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫК КӨРГӨН МАКАЛАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. Мусаева В.А. Основные аспекты внешней миграции в Кыргызской Республике [Текст] / В.А. Мусаева // Вестник КНУ.Серия 1.Экономика. – Специальный выпуск. - Бишкек: КНУ, 2015. – С.188 – 191.
2. Мусаева В.А. Развитие миграционной политики КР под воздействием ЕАЭС[Текст] / В.А. Мусаева // Сборник Уфа. Раздел Экономические науки. Наука и современное общество: взаимодействие и развитие. – Выпуск 1.- Уфа: НИКА, 2015. – С.225 – 230.
3. Мусаева В.А. Политика занятости в условиях современной рыночной экономики [Текст] / В.А. Мусаева // Вестник КЭУ. Серия 1. Развитие туристического бизнеса как сектора экономики. – Выпуск 3(37). Бишкек: КЭУ,

2016. – С.308-312.

4. Мусаева В.А. Прогнозирование занятости и рынка труда в условиях интеграции [Текст] / В.А. Мусаева // Вестник КГЮА. Раздел социально – гуманитарные науки. – Специальный выпуск. -Бишкек: КГЮА, 2016.– С.225 – 230.
5. Мусаева В.А. Специфика занятости и системы образования в КР : [Текст] / В.А. Мусаева // Вестник КЭУ. Серия 1. Стратегия развития секторов экономики. – Выпуск 4(38). Бишкек: КЭУ, 2016. – С.69 – 73.
6. Мусаева В.А. Совершенствование механизма регулирования рынка труда и политика занятости Кыргызстана в современных условиях [Текст] / В.А. Мусаева // МЦНС” Наука и Просвещение”. - г. Пенза, 2016 г.– С.92-96.
7. Мусаева В.А.Теоретические основы формирования рынка труда [Текст] / В.А. Мусаева // МЦНС” Наука и Просвещение”.- г. Пенза, 2016. – С.334-338.
8. Мусаева В.А. Теоретические аспекты развития рынка труда и занятости в современных условиях [Текст] / В.А. Мусаева // Научно-методический журнал «Проблемы современной науки и образования». – Выпуск № 15 (97). г. Иваново, 2017. – С.52-56.
9. Мусаева В.А. Методологические подходы прогнозирования и планирования в экономической системе [Текст] / В.А. Мусаева // Вестник КЭУ. - Выпуск № 1 (39). Бишкек: КЭУ, 2017. – С.233 – 238.
10. Мусаева В.А. Формирование политики занятости в условиях экономической интеграции Кыргызстана: [Текст] / В.А. Мусаева // Modern Science.– Выпуск № 10. Москва: НИИЦ «Институт стратегических исследований», 2017. – С.79 - 81.
11. Мусаева В.А. Макроэкономический прогноз занятости и рынка труда в условиях интеграции: [Текст] / В.А. Мусаева // Modern Science.– Выпуск № 11. Москва: НИИЦ «Институт стратегических исследований», 2017. – С.51 - 56.
12. Мусаева В.А. Особенности формирования Евразийского рынка труда: [Текст] / В.А. Мусаева // Modern Science.– Выпуск № 1. Москва: НИИЦ «Институт стратегических исследований», 2018. – С.94- 97.
13. Мусаева В.А. Особенности формирования Евразийского рынка труда: [Текст] / В.А. Мусаева // Modern Science.– Выпуск № 1. Москва: НИИЦ «Институт стратегических исследований», 2018. – С.94- 97.

**Мусаева Венера Асаналыевнанын «Кыргызстандын мамлекетаралык бирикмелерге интеграциялануу шартында жумуш менен камсыз кылуу жана эмгек рыногун болжолдоо» деген темада 08.00.05- экономика жана улуттук чарбаны башкаруу адистиги бонча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** эмгек рыногу, жумуш менен камсыз кылуу саясаты, кадрдык саясат, эмгек рыногун болжолдоо, интеграциялоо, мамлекетаралык биригүү.

**Изилдөөнүн объектиси:** заманбап этапта Кыргыз Республикасынын эмгек рыногу жана жумуш менен камсыз кылуу саясатынын өз-ара байланышы.

**Изилдөөнүн предмети:** болжолдоо - ЕАЭБдин жалпы эмгек рыногунун бөлүгү болгон улуттук эмгек рыногунда жумуш менен камсыз кылуу саясатынын инструменти катарында .

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргызстандын эл аралык бирикмелерге интеграциялануу шарттарында эмгек рыногу менен жумуш менен камсыз кылуу саясатын болжолдоо механизмин жакшыртуу.

**Изилдөөнүн методдору:** системдик жана абстрактуу-логикалык талдоо методдору, экономико-статистикалык, экономико-математикалык, салыштыруу-аналитикалык жана болжолдоо методдору.

**Алынган жыйынтыктар жана алардын жаңылыгы:** эмгек рыногун мүнөздөгөн теориялык абалдар жалпыланды; болжолдоого негизги методологиялык ыкмаларды системалоо кошумчаланды; Кыргызстандын эмгек рыногунун көрсөткүчтөрүнө талдоо жүргүзүлдү жана ЕАЭБдин жалпы эмгек рыногуна интеграциялануу процессинде тенденциялар жана көйгөйлөр ачыкталды; орто мөөнөттүү убакытка эмгек рыногун негизделген эконометрикалык модель апробацияланды; ЕАЭБдин интеграциялоо процессинин негизги тенденцияларын эсепке алуу менен Кыргызстандагы мамлекеттик жумуш менен камсыз кылуу саясатын жакшыртууда келечектүү багыттар сунушталды.

**Колдонуу даражасы:** алынган жыйынтыктар КМЮА жана М.Рыскулбеков атындагы КЭУда “Улуттук экономика”, “Жумуш менен камсыз кылууну башкаруу жана калкты социалдык жактан коргоо” курстары боюнча окуу-усулдук комплекстерин иштеп чыгууда колдонулду. Эконометрикалык моделди колдонуу 2025-жылга чейинки эмгек рыногунун негизги көрсөткүчтөрүн эсептөөгө өбөлгө түздү.

**Колдонуу областы**: изилдөөнүн негизги жыйынтыктары КР эмгек жана социалдык өнүктүрүү Министирлигинде жумуш менен камсыз кылуу чөйрөсүндө орто мөөнөттүк программаларды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн. Теориялык жана тажрыйбалык абалдар “Улуттук экономика”, “Жумуш менен камсыз кылууну башкаруу жана калкты социалдык жактан коргоо” сабактарын жана атайы курстарды окутуу процессинде колдонулушу мүмкүн.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Мусаевой Венеры Асаналыевны на тему «Прогнозирование рынка труда и политика занятости в условиях интеграции Кыргызстана в межгосударственных объединениях» на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – экономика и управление народным хозяйством**

**Ключевые слова:** рынок труда, полика занятости, кадровая политика, прогнозирование рынка труда, интеграция, межгосударственные объединения.

**Объект исследования:** взаимосвязь рынка труда и политики занятости Кыргызской Республики на современном этапе.

**Предмет исследования:** прогнозирование, как инструмент политики занятости на национальном рынке труда, являющемся частью общего рынка труда ЕАЭС.

**Цель исследования:** совершенствование механизма прогнозирования рынка труда и политики занятости в условиях интеграции Кыргызстана в международные объединения.

**Методы исследования:** методы системного и абстрактно-логического анализа, экономико-статистические, экономико-математические, сравнительно-аналитические и прогнозные методы.

**Полученные результаты и их новизна:** обобщены теоретические положения, характеризующие рынок труда; дополнена систематизация основных методологических подходов к прогнозированию; осуществлен анализ показателей рынка труда Кыргызстана и выявлены проблемы и тенденции в процессе интеграции в общий рынок труда ЕАЭС; для прогнозирования рынка труда на среднесрочный период апробирована эконометрическая модель; предложены перспективные направления совершенствования государственной политики занятости Кыргызстана, учитывающие основные тенденции интеграционных процессов в ЕАЭС.

**Степень использования:** полученные результаты были использованы при разработке учебно-методического комплекса по курсу «Национальная экономика», «Управление занятостью и социальная защита населения» в КГЮА и КЭУ им. М. Рыскулбекова. Применение эконометрической модели позволила рассчитать основные показатели рынка труда до 2025 года.

**Область применения:** основные результаты исследования могут быть использованы в Министерстве труда и социального развития КР при разработке среднесрочных программ в сфере занятости. Теоретические и практические положения могут применяться в процессе преподавания дисциплин «Национальная экономика», «Управление занятостью и социальная защита населения», а также спецкурсов.

SUMMARY

**dissertation of Musaeva Venera Asanalievna of the theme "Labor Market Forecasting and Employment Policy in the Conditions of Kyrgyzstan's Integration in Interstate Associations" presented for the degree of economic sciences, specialty 08.00.05 - Economy and management national economy**

**Keywords**: labor market, employment policy, personnel policy, labor market forecasting, integration, interstate associations.

**Object of research** dissertation research research are the public relations that are formed in the process of forecasting the labor market and employment policy of the Kyrgyz Republic.

**The subject of research** is the labor market and employment policy of the Kyrgyz Republic

**Purpose of research:** is a improvement, mechanisms for forecasting the labor market and the development of employment policies in the context of Kyrgyzstan's integration responding to the challenges of the country's participation in the international economic community.

**Methods of research:** of research is approach of the a systematic approach to the analysis of the object of research - the legal relations emerging in relation to the forecasting of the labor market and employment policy in the conditions of Kyrgyzstan's integration in interstate associations, and general scientific (sociological, system-structural, comparative) and private scientific methods of cognition, historico-comparative, comparative.

**Received results and their novelty.** The proposed author's definition of the labor market; grounded patterns of application of a number of methodological approaches in forecasting in the economic system; The features of the labor market and employment policy of the Kyrgyz Republic in the context of the formation of the Eurasian economic integration system are revealed; revealed the main dynamics of the labor market in the context of the integration of Kyrgyzstan into the EAEU; problems of the labor market of Kyrgyzstan, as well as the specifics and problems of developing and implementing the employment policy of our country in the context of integration; The author's model was developed for forecasting and analyzing the labor market using the EcOS economic projection software package, a universal econometric package for solving statistical problems “Stata”.

**Degree of use and field of application.** The main provisions of the thesis are designed to develop long-term and medium-term programs in the field of employment, the labor market by government agencies; improving the forms and methods of forecasting the labor market; giving lectures on the disciplines “National Economy”, “Employment Management and Social Protection of the Population”, “Basics of Social and Economic Policy” in higher educational institutions.

Өлчөмү 60x84 1/16. Көлөмү 1,5 б.т.
Офсет кагаз. Офсеттик басуу. Нускасы 100 экз.

«Сарыбаев Т.Т.» Ж.И.
Бишкек ш., Раззаков көч, 49
т. 0 708 058 368
e-mail: talant550@gmail.com